материала и других источников. Им требуется раскрыть свое понимание темы и её содержание.

Таким образом, текст служит основой для написания различных видов продуктивного письма. Работа с текстами разных типов позволяет школьникам освоить грамматические, стилистические особенности, логику построения предложений, абзацев, а также умение выражать свое мнение на русском языке. Использование текста на уроках русского языка как второго способствует не только улучшению грамотности, но и развитию критического мышления.

**Список использованной литературы**

1. Азимов Э.Г., Щукин А.Н. Новый словарь методических терминов и понятий (теория и практика обучения языкам). – Москва: Издательство ИКАР, 2009, 448 с.
2. Задорожная Н.П., Чепекова Г.С. Русский язык. 8 класс: учебник для общеобразоват. орг. с кырг. яз. обучения. – Бишкек: Аркус, 2022, 168 с.
3. Колшанский Г.В. Коммуникативная функция и структура языка. – Москва: Наука, 1984.
4. Предметный стандарт «Русский язык» в школах с кыргызским, узбекским и таджикским языками обучения для 5-11 классов общеобразовательных организаций Кыргызской Республики. – Бишкек, 2022, 58 с.
5. Текст как основа развития связной речи учащихся якутских школ / Т.П. Самсонова, К.С. Евсеева, Е.П. Никифорова. – Якутск: Нац. кн. изд-во «Бичик», 1995, 96 с.
6. Алтухова М.К. Обучение творческой письменной речи студентов третьего курса языкового педагогического вуза (на материале английского языка): дис. ... канд. пед. наук: 13.00.02. – Санкт-Петербург, 2003, 280 с.
7. Задорожная Н.П., Мусаева Ч.М. Русский язык: учебник для 7 класса для школ с кыргызским языком обучения. – Бишкек: Аркус, 2001, 208 с.

**Рецензент: д-р пед. н., профессор Добаев К.Д.**

УДК 378.1
DOI 10.58649/1694-9099-2025-3-13-17

**Батыралиев А., Суйунбаева М.**
Ош мамлекеттик университети
**Батыралиев А., Суйунбаева М.**
Ошский государственный университет
**Batyraliev A., Suiunbaeva M.**
Osh State University

## ПЕДАГОГ- КЛАССИКТЕРДИН ИДЕЯЛАРЫНЫН БҮГҮНКҮ ПЕДАГОГИКАНЫН ӨНҮГҮШҮНӨ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ
## ВЛИЯНИЕ ИДЕЙ ПЕДАГОГОВ-КЛАССИКОВ НА РАЗВИТИЕ СОВРЕМЕННОЙ ПЕДАГОГИКИ
## THE INFLUENCE OF THE IDEAS OF CLASSICAL TEACHERS ON THE DEVELOPMENT OF MODERN PEDAGOGY

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада азыркы педагогиканын өнүгүшүндөгү жана калыптанышындагы педагог классиктердин эмгектериндеги идеялардын жана таалим тарбия тажрыйбаларынын мааниси жөнүндө айтылат. Автор педагогиканын теориясын, негизги проблемаларын, калыптануу этаптарын жана педагогиканын калыптанышындагы белгилүү классиктердин чыгармаларын, иш тажрыйбаларын окуп үйрөнүү мугалимди кесиптик жактан даярдоо процессиндеги негизги шарттардан деп белгилеп кетет. Макалада улуу педагогдордун эмгектерин окуп үйрөнүү менен азыркы педагогикадагы ачылыштар өзүнөн-өзү эле пайда болуп калбаганы жана анын теориялык негизи педагог классиктер тарабынан иштелип чыккандыгы айтылат. Эмгекте Я.А. Коменскийдин, Ж.Ж. Руссонун, И.Г. Песталлоцинин, К.Д. Ушинскийдин идеяларына жана тажрыйбаларына токтолуп алардын бүгүнкү күндөгү педагогиканын өнүгүүсүндөгү жана калыптануусундагы ролун көрсөтүп кеткен. Автор болочок мугалимдерди даярдоо процессинде

«Билим берүүнүн философиясы жана тарыхы” дисциплинасынын окулушуна өзгөчө көңүл буруу экендигин белгилейт.

**Аннотация:** Статья посвящена анализу трудов, идей и опыта педагогов-классиков в развитии и становлении современной педагогики. Автор подчеркивает, что изучение теории педагогики, основных проблем, этапов становления и произведений известных классиков является одним из главных условий становления личности педагога в процессе профессиональной подготовки педагога. Отмечено, что открытия в современной педагогике появились не сами по себе, а в результате чтения и изучения трудов великих педагогов, и ее теоретическая основа была разработана педагогами-классиками. Обращаясь к идеям и опыту Я.А. Коменского, Дж.Дж. Руссо, И.Г. Песталоцци, К.Д. Ушинского, он показал их роль в развитии и становлении современной педагогики**.** В статье автор приходит к выводу, что в процессе подготовки будущих учителей необходимо особое внимание уделять изучению дисциплины «Философия и история образования».

**Abstract:** The article is devoted to the analysis of works, ideas and experience of classical teachers in the development and formation of modern pedagogy. The author emphasizes that the study of the theory of pedagogy, the main problems, stages of formation and works of famous classics is one of the main conditions for the formation of the personality of a teacher in the process of professional training of a teacher. It is noted that discoveries in modern pedagogy did not appear by themselves, but as a result of reading and studying the works of great teachers, and its theoretical basis was developed by classical teachers. Referring to the ideas and experience of J. A. Komensky, J. J. Russo, I. G. Pestalozzi, K. D. Ushinsky, he showed their role in the development and formation of modern pedagogy. In the article, the author comes to the conclusion that in the process of training future teachers, special attention must be paid to studying the discipline "Philosophy and History of Education"

**Негизги сөздөр:** педагогика; мугалим; кесиптик даярдоо; тарбия; окутуу; идея; тажрыйба; колдонуу; окуп-үйрөнүү; калыптануу; процесс.

**Ключевые слова:** педагогика; учитель; педагоги-классики; профессиональная подготовка; воспитание; обучение; идея; опыт; применение; изучение; становление; процесс.

**Keywords:** pedagogy; teacher; classical teachers; professional training; nducation; training; idea; experience; application; study; formation; process.

Мугалимдердин кесиптик деңгээлине коом жана мамлекет тарабынан өзгөчө талаптар коюла баштады. Президент Садыр Жапаровдун 5-октябрда мугалимдерди жана Кыргыз Республикасынын билим берүү тутумунун кызматкерлерин кесиптик майрамы менен куттуктоо сөзүндө мындай дейт: “Билим сапаты мугалимдин деңгээлинен көз каранды. Мугалимдер күчтүү болсо, өлкөнүн өнүгүшүнө түздөн түз таасир этет. Сингапур, Финляндия, Эстония, Түштүк Корея сыяктуу өнүккөн өлкөлөр дал ушул билим берүүгө, анын ичинде мугалимдерге өзгөчө көңүл буруунун натыйжасында өнүккөндүгүн жакшы билебиз”. [1] Чындыгында эле, жаштарга татыктуу таалим тарбия берүү мугалимдин кесиптик дараметинен көз каранды экендиги баарыбызга белгилүү.

Мугалимди кесиптик деңгээлин өнүктүрүүдө педагогика предмети негизги орунду ээлейт. Себеби педагогика илиминин маңыз-мазмунун терең түшүнгөн мугалим гана таалим тарбия жараянында ийгиликтерге жетише ала тургандыгын турмуш тастыктап турат. В.А.Сухомлинский педагогика илиминин таалим тарбия процессиндеги жана мугалимдин кесиптик калыптанышындагы ордун жогору баалаган жана ал боюнча мындай дейт: «Адамды тарбиялоо жөнүндөгү илимдин чоң мүмкүнчүлүгүнө ишенбесем, мен мектепте бир күн да иштебес, бул китепти да жазбас элем», – деп педагогика илиминин маанисине токтолуп кеткен. [2; 9]

Педагогиканын теориясын, негизги проблемаларын, калыптануу этаптарын жана педагогиканын калыптанышындагы белгилүү классиктердин чыгармаларын, иш тажрыйбаларын окуп үйрөнүү мугалимди кесиптик жактан даярдоо процессиндеги негизги шарттардан. Педагогика илиминин маңыз мазмунун жана калыптануусун түшүнүүдө “Билим берүүнүн философиясы жана тарыхы” дисциплинасынын мааниси өзгөчө. Проф. А.Б. Бейшеналиев жана С.К. Калдыбаев тарабынан жарык көргөн “Педагогикалык ойлордун жана билим берүү тарыхы окуу китебинде “Бул дисциплинаны окуп-үйрөнүү-педагог адистерди даярдоо системасында маанилүү орунду ээлейт. Заманбап билим берүүнүн теориясын жана практикасын тарыхый педагогикалык өнүттөн маңыздап түшүнүү татаал көйгөйлөрдүн бири экендигин белгилей кетүү зарыл. Өткөн процесске бүгүнкү күндүн позициясынан баа

берүү – азыркы билим берүүнүн тамырын туура таап чыгуу, анын басып өткөн жолун калыс, так жана туура аныктап алуу менен барабар” – деп, курстун маанилүүлүгү белгиленет. [3; 1] Бирок, бул дисциплинага мамлекеттик билим берүү стандартында талаптагыдай окуу жүктөмдөрү берилбей билим берүүнүн тарыхы, белгилүү классик-педагогдордун эмгектери жана тажрыйбалары үстүртөн гана окулуп жаткандыгы тынчсыздандырбай койбойт.

Кыргызстандагы жаңычыл-педагог Г. Мадаминов педагогикалык кесиптин терең сырларын үйрөнүүдө Я.А. Коменскийдин, А.С. Макаренконун, В.А. Сухомлинскийдин, В. Шаталовдун, Б. Исаковдун эмгектеринен жана иш тажрыйбаларынан көп нерсе үйрөнгөндүгүн дайыма сыймыктануу менен айтып келет. Ал бул боюнча мындай дейт: Ким эгер мугалим болом деп же мугалим болуп иштеп жүрүп, В.А. Сухомлинскийдин “Жүрөгүмдү балдарга арнаймын” эмгегин окуп чыгып, толкунданбаса, жүрөгүндө бийик сезим ойгонуп, суктануу, таң калуу, шыктануу пайда болбосо андай адамдан чыныгы мугалим келип чыгышы кыйын”. [4, 119-б.]

Биз макалада педагог классиктердин эмгектерине жана тажрыйбаларына токтолуу менен бүгүнкү күндөгү педагогиканын өнүгүшүнө тийгизген таасири жөнүндө айтып кетебиз. Мисалы, улуу педагог Я.А. Коменскийдин эмгектерине сарасеп салып көрсөк азыркы педагогикадагы көптөгөн эрежелер анын калтырып кеткен ачылыштарына таянат. Мисалы, азыркы билим берүү мекемелеринде бекем орун алып, активдүү колдонулган класстык сабак системасы, көрсөтмөлүү окутуу методу, эне тилде окутуунун артыкчылыгы, бирдей курактагы балдардын окушу, 6-7 жаштан окутуу, танапис, каникул, чейректер, мектеп жадыбалы, мектеп имаратынын физикалык чөйрөсү, мектеп бакчасы, мектеп аянтчасы, дене тарбия, музыканын өзүнчө атайын сабак катары окутулушу жөнүндөгү ж. б. далилдүү түшүнүктөр, эрежелер эң алгач Коменскийдин эмгектеринде аныкталган. Бизге мурас катары калтырып кеткен ачылыштары ушул күнгө чейин дүйнө мектептеринде жемиштүү колдонулуп келе жатат. Демек, Коменскийдин илимий-педагогикалык табылгалары 4 кылымга жакын мезгил өтсө да өз баалуулугун жоготпой, тескерисинче, актуалдуулугу артып барат. Арадан кылымдар өтсө да «Улуу дидактика» өз актуалдуулугунан кетпей, маани-маңызын жоготпой, педагогикадагы эң абройлуу, фундаменталдуу илимий эмгектердин сап башында келе жатат. Мугалимдер окутуу процессинин маңыз-мазмунун терең түшүнөм десе, ал китепти сөзсүз окуп чыгуусу зарыл экендигине бүгүнкү күнү ыnanып турабыз. Тарбиялоо жана окутуу процесстеринин маңыз-мазмунун алгачкылардан болуп табийгатка шайкеш келүү принцибинин негизинде ачып көрсөткөн. Мисалга алсак, куруучунун, чымчыктын, багбандын табияттагы иш-аракеттери аркылуу таалим тарбия процесстеринин мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып берген. Илимдин жана искусствонун жардамы менен балдардын «Табият берген мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү зарыл» дейт. Коменский табияттын мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдеп келип, «табият эч качан пайдасыз нерсени жасабайт» деп далилдөө менен “балдарга азыркы учурда жана келечекте чындап пайдасы тие турган билимдерди окутуш керек” деген. [5, с. 65]

Өзүбүз билгендей ушу убакка чейин турмушка пайдасы тийбеген окуу предметтерин окутуп келгенбиз, азыркы мезгилде билим берүүнүн мазмунуна анализ жасалып прагматикалык билим берүүгө өтүш керек деген көз караштар кеңири кулач жайды. Башкача айтканда, окуучулардын жашоосуна, турмушуна пайдасы тие турган билимдерди окутуу керектигине багыт алып, компетенттүүлүктүн негизинде билим берүүнү ишке ашыруу таалим тарбия практикасына кире баштады.

Анын мындан бир нече кылым мурда айтып кеткен идеялары бүгүнкү күндүн талабына туура келип турат. Мисалы, Коменский «жаштарды туура окутуу – баланын башын авторлордон чогулган сөздөрдүн, фразалардын, ойлордун системасы менен толтуруу эмес, ал деген – көрүнүшөрдүн, буюмдардын маанисин түшүнүү жөндөмдүүлүгүн ачып берүү. Эгерде биз окуучуларга чыныгы жана бышык билим беребиз десек, аларды өз алдынча байкоо жана сезимди аныктоо аркылуу окутушубуз керек» [5, с. 67] – деген ойлору азыркы дидактиканын негизги жобосу болуп калды.

Коменскийдин дидактикадагы ойлору бүгүн да актуалдуулугун жоготпой келе жатат. Мисалга алсак, совет педагогикасындагы окуучулардын билимдерди өздөштүрүү этаптары, Блуммдун таксономиясы жана Сингапурдагы окутуунун 5-е модели анын идеяларына таянган деп эсептесек болот. «Мектеп лабиринтинен чыгуу» аттуу эмгегинде табияттын жана педагогиканын мыйзам ченемдүүлүктөрүн ширештирип,

окуучулардын билимди өздөштүрүүсүнүн 4 этабын көрсөтүп кеткен. Биринчиси – **автопсия** (өз алдынча байкоо, билим алуу); экинчиси – **автопраксия** (практикалык иштөө); үчүнчүсү – **автохресия** (алынган билим, ык, машыгууларды жаңы шарттарда колдоно алуу); төртүнчүсү – **автолекция** (өз иш-аракеттерин өз алдынча айтып берүү, баалоо).

**Блуммдун таксономиясы:** билүү, түшүнүү, колдонуу, талдоо, баалоо, чыгармачылык Кыргызстанда ишке аша турган Сингапурдун 5-е окутуу моделин алып көрөлү. Ал окутуу модели 5 этаптан турат:

1. **Engage (Тартуу)** – Окуучулардын кызыгуусун ойготуп, мурунку билимин эске салуу.
2. **Explore (Изилдөө)** – Окуучулар эксперименттер жана тажрыйбалар аркылуу жаңы түшүнүктөрдү өз алдынча изилдейт.
3. **Explain (Түшүндүрүү)** – Окуучулар изилдеген нерселерин талдап, мугалим теориялык маалымат берет.
4. **Elaborate (Кеңейтүү)** – Алган билимин реалдуу жашоого же жаңы кырдаалдарга колдонуу.
5. **Evaluate (Баалоо)** – Окуучунун түшүнүгүн жана жетишкендигин баалоо (тесттер, долбоорлор ж.б.). Бул моделде анын идеяларына кээ бир өзгөртүүлөр киргизилип мааниси үндөш келип тургандыгы көрүнүп турат.

Кыргыз педагогикасында да окутуунун төрт деңгээли сунушталууда: окуучунун маалымттык билим деңгээли; билимди практикада колдонуу деңгээли; проблемалык кырдаалды чечүү; чыгармачыл мамиле жасоо. [6, 30-б.] Эгерде жогорку моделдерди мазмунун карап көрсөк Я.А. Коменский тарабынан иштелип чыккан моделге тектеш келип турат.

Коменскийдин негизги идеяларынын бири – «Энелер мектебин» түзүү. Ал идея бүгүнкү күндө өтө актуалдуу маселе катары көтөрүлүп жатат. «Өсүмдүк тамырынан гана өсүп чыккандай, ал энелик мектепте гана түптөлөт, андан кийин гана жалбырактарын, гүлдөрүн ача баштайт. Бала дагы жашоого керектүү мүмкүнчүлүктөрдү, акыл-эсти, адеп-ахлактык баалуулуктарды энелер мектебинде ала алат». Ал алгачкы жолу үй-бүлөлүк тарбиялоого арналган «Энелер мектеби» китебин жарыкка чыгарган. Азыркы жаңычыл-педагог Г. Мадаминов ишке ашырып жаткан иш- аракеттин тамыры Коменскийден башталгандыгына ынанып турабыз.

Педагогика илиминин жана ойлордун өнүгүү жана калыптануу тарыхында француз философу Ж.Ж. Руссонун (1712-1778) педагогикасы да негизги орунда турат. Джон Локк балдардын өнүгүү жана калыптанышы айлана- чөйрө менен тарбиядан көз каранды деп белгилесе, Руссо сунуштаган педагогикалык теорияда балдардын табийгый өнүгүшү менен эсептешүү керек деген негизги идеясы өз убагындагы педагогикадагы чоң ачылыштардан болгон. Коменский үчүн тарбияны жаратылыштын жалпы мыйзамына баш ийдирүү керек болсо, анда Руссо «жаратылышка ылайыктыкты, баарынан мурда тарбияны балдардын жаратылышына, алардын шыгына, алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө шайкеш келүүсү” – деп эсептеген. [5, с. 209] Эркин тарбиялоонун негизги маңызы баланын табиятына карата таалим-тарбия берүү. Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында мектептеги билим берүүнүн милдети “инсандын өз алдынча билим алуу, өзүн-өзү таануу жана өзүн-өзү өнүктүрүү көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн өз алдынча изденүү жана окуу практикалык ишмердүүлүгүн уюштуруу” – деп Руссонун идеясына үндөш болуп турат. [7; 6] Мына бүгүнкү күндөгү көтөрүлүп жаткан гумандуу педагогиканын идеялары Руссонун эмгектеринен башталган деп ишенимдүү айта алабыз. В.А. Сухомлинский, Ш.А. Амонашвили, В.Ф. Шаталов, С.Н. Лысенкова, Б. Исаков, О. Сайдилканов ж.б. советтик педагогиканы авторитардык педагогика катары баалап, гумандуу педагогикага өтүүнү сунуштап келишет.

И.Г. Песталоцци педагогикалык эмгектеринде таалим- тарбия боюнча омоктуу ойлорду айтып кеткен. Ал тарбиянын максаты – инсанды «ар тараптан өнүктүрүү», – деп белгилеп кеткен. [8, с. 357] Ал түшүнүккө: акыл-эс, интеллектуалдык өз алдынчалык, ден соолуктун өнүгүшү жана адеп-ахлактык сапаттардын өнүгүшү кирет деп түшүнгөн. Бүгүнкү күндө биздеги тарбиянын максаты да ушундай мааниде болуп ар тараптан өнүктүрүү идеясы менен таалим- тарбия жүргүзүлүп жатат.

Песталоцци алгачкылардан болуп окуу менен өндүрүмдүү эмгекти байланыштырып, аны тарбияга кызмат кылгыдай пайдалануу керек деп көрсөтүп кеткен, ал бүгүнкү күндөгү политехникалык билим берүү идеясына жакын турган. Песталоцци тарабынан өнүктүрүүчүлүк окутуу идеясы аныкталган. К.Д. Ушинский ал идеяны «Песталоццинин улуу ачылышы» деп баалап кеткен.

Кийинки мезгилде ал идея психологдор Л.В. Занков, Д.Б. Эльконин, В.В. Давыдов, Л.С. Выготский тарабынан ар тараптуу изилденип, бүгүнкү күндөгү окутуу процессинин теориясында жана практикасында кеңири колдонулуп келе жатат. Биз улуу педагогдордун эмгектерин окуп үйрөнүү менен азыркы педагогикадагы ачылыштар өзүнөн-өзү эле пайда болуп калбаганына анын теориялык негизи классик-педагогдор тарабынан иштелип чыккандыгына күбө болуп турабыз.

К.Д.Ушинскийдин педагогикалык идеялары да бүгүнкү педагогикада кеңири колдонулуп келе жатат. Мисалга алсак, азыркы дидактика бир аз кошумча киргизүү менен негизинен К.Д. Ушинский бөлүп кеткен сабактардын классификациясына таянат. Ал сабактарды дидактикалык милдеттерине карата төмөндөгүдөй типтерин иштеп чыккан: аралаш сабак; оозеки жана практикалык көнүгүүлөр сабагы; жазуу, көнүгүүлөр сабагы; окуучулардын билимин баалоо сабагы. Азыркы мектепте а) аралаш же айкалыштырылган (комбинацияланган) сабак; б) жаңы материалды өздөштүрүү сабагы; в) окулган материалды системалаштыруу, жалпылоо сабагы; г) окулган материалды кайталоо, башыктоо сабагы; д) билимди, ыкма жана көндүмдөрдү текшерүү жана баалоо сабагы; е) билим, ыкма жана көндүмдөрдү калыптандыруу сабактары эффективдүү кызмат көрсөтүүдө. [9, 65-б.]

Ушинский тарбиялоо жана окутууда тарбиячы менен мугалимдин ортосундагы функцияларды бөлүштүрүүгө каршы болгон. Ал окутууну тарбиялоонун эң маанилүү каражаты деп эсептеген. Башталгыч класстарда ар бир предметти түрдүү мугалимдердин окутуусу туура эмес деп белгилеп, бардык предметтерди бир эле мугалимдин окутушун талап кылган жана окутуу класс жетекчиге берилиш керек деп эсептеген. Бул идея да бүгүнкү күндөгү мектептерде кеңири колдонулуп келүүдө. Алгачкы болуп Ушинский окутуунун дидактикалык принциптерин иштеп чыккан. Алар: илимий, көргөзмө, системалуу, ырааттуу, аң-сезимдүү, активдүү, жеткиликтүү, окутуунун тарбия берүү жана элдик принциптер. Мына, өзүбүз күбө болгондой, Ушинский иштеп чыккан окутуунун принциптери азыркы дидактиканын принциптеринин негизин түзөт. Мугалимдерди даярдоого болгон прогрессивдүү идеялары педагогикада азыркы учурга чейин актуалдуу бойдон калууда. Мугалим жөнүндө ал мындайча айтып кеткен: «Мугалим кандайдыр бир предмет боюнча окутуучу гана болбостон, ал тарбиячы болуш керек, өз кесибин сүйгөн, тарбиялык ишке жоопкерчилик менен мамиле кылган, билимдүү, педагогика менен психологияны жакшы өздөштүргөн, педагогикалык чеберчилиги жана педагогикалык жүрүм туруму калыптанган адам болушу керек». [8, 230-б.] Биз бул макалада улуу педагогдордун эмгектерин окуп үйрөнүү менен азыркы педагогикадагы ачылыштар өзүнөн-өзү эле пайда болуп калбаганына анын теориялык негизи педагог-классиктер тарабынан иштелип чыккандыгына күбө болуп турабыз. Ошондуктан "Педагогикалык ойлордун жана билим берүү тарыхы окуу дисциплинасын окутууга болочок мугалимдерди даярдоо процессинде өзгөчө көңүл буруу керектигин белгилеп кетебиз.

**Колдонулган адабияттар**

1. Президент Садыр Жапаровдун 5-октябрда мугалимдерди жана Кыргыз Республикасынын билим берүү тутумунун кызматкерлерин кесиптик майрамы менен куттуктоо сөзү. – Режим доступа: https://www.facebook.com/story.php?story_(дата обращения: 5.10. 2024).

2. Сухомлинский В.А. Мугалимге жүз насаат / Котор. Дүйшө Айтмамбетов. – Фрунзе: Мектеп, 1983, 256-б.

3. Бейшеналиев А.Б., Калдыбаев С.К. Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы: Окуу куралы. – Бишкек, 2024, 264-б.

4. Мадаминов Г.М. Устаттык өнөрү. – Бишкек, 2021, 152-б.

5. Коменский Я.А., Локк Д., Руссо Ж.Ж., Песталоцци И.Г. Педагогическое наследие / Сост. В.М. Кларин, А.Н.Джуринский. – Москва: Педагогика, 1989, 65 с.

6. Рысбаев С. Деңгээлдик билим берүү технологиялары. – Бишкек: MirAs print", 2023, 216-б.

7. Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты, 2022, 6-б.

8. Константинов Н.А. и др. История педагогики: Учебник для студентов пед. ин-тов / Н.А. Константинов, Е.Н. Медынский, М.Ф. Шабаева. – 5-е изд., доп. и перераб. – Москва: Просвещение, 1982, 357 с.

9. Батыралиев А. Педагогика. – Ош, 2023, 184-б.

**Рецензент: пед.и.к., доцент Бабаев М.Д.**